DOI:10.33942/sit.ssh026 УДК:504.37

# БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПТЕРДИН ОКУУ ПРОЦЕССИН ЭКОЛОГИЯЛЫК БИЛИМ ЖАНА ТАЖРЫЙБАЛАРДЫН НЕГИЗИНДЕ ӨРКҮНДӨТҮҮ МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮ

**Юсупова А.М.[1], Камбарова Н.Р.[2]**

[1]*Ж.Баласагын атындагы КУУнун педагогика факультетинин доценти, yusupovaaltynai769@gmail.com*
[2]*ОшМУнун педагогика факультетинин 2 курсунун магистранты, nazirakambarova24@gmail.com*

***Аннотация.*** *Бул макалада кенже класс окуучуларынын сабактарын окутууда экологиялык тарбияны калыптандыруу боюнча илимий көз караштар, изилдөөлөр топтолуп берилди. Сабактарды окутуу менен бирге окуучуларга экологиялык аң-сезимди, экологилык тарбияны, маданиятты калыптандыруу, кенже курактан баштап жаратылышка аяр мамиле кылууга, табияттагы тирүү организмдерге гуманисттик көз караншта мамиле кылууга тарбиялоону өз ичине камтыды.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *экология; экологиялык тарбия; гуманитардык экология; технология.*

# ВОЗМОЖНОСТИ УЛУЧШЕНИЯ ПРОЦЕССА ОБУЧЕНИЯ В НАЧАЛЬНЫХ ШКОЛАХ НА ОСНОВЕ ЭКОЛОГИЧЕСКИХ ЗНАНИЙ И ОПЫТА

**Юсупова А.М., Камбарова Н.Р.**

[1]*КНУ им.Ж.Баласагына, Доцент, yusupovaaltynai769@gmail.com*
[2]*ОшГУ, магистрант, nazirakambarova24@gmail.com*

***Аннотация.*** *В данной статье обобщены научные взгляды и исследования по формированию экологического образования в процессе обучения учащихся начальной школы. Также в ней освещены вопросы обучения и воспитания учащихся развитию экологического сознания, экологического образования, культуры, заботы о природе и гуманного подхода к ней с раннего возраста.*

***Ключевые слова:*** *экология; экологическое воспитание; гуманитарная экология; технология.*

# OPPORTUNITIES FOR IMPROVING THE LEARNING PROCESS IN PRIMARY SCHOOLS BASED ON ENVIRONMENTAL KNOWLEDGE AND EXPERIENCE

**Yusupova A., Kambarova N.**

***Annotation.*** *This article summarizes the scientific views and studies on the formation of environmental education in the process of teaching elementary school students. In addition to teaching caring, students are taught to develop environmental awareness, environmental education, culture, caring for nature from an early age, and a humane approach to nature.*

***Keywords:*** *ecology; environmental education; humanitarian ecology; technology.*

Окуучуларды экологиялык жактан тарбиялоодо көп кырдуу таасир көрсөтүүчү, кеңири мүмкүнчүлүктөргө ээ жолдорунун бири – бул окуу процесси. Бир тамчы шүүдүрүмдөн бүт ааламдын элеси көрүнгөндөй 45-минуталык сабакта мектептин окуу-методикалык, тарбиялык, уюштуруучулук иштеринин мүнөзүн түгөл чагылдырып көрсөтөт. Класстык сабактын артыкчылыгы - таанып билүү, өнүктүрүү ошондой эле тарбиялоо сыяктуу милдеттер аркылуу ырааттуу түрдө жүзөгө ашат. Аталган маселелерди ойдогудай чечүү, анын ичинде балдардын табиятка карата жапакеч мамилесин калыптандыруу башталгыч класс мугалиминин кесиптик-инсандык касиеттеринен көбүрөөк байланыштуу. Ал дээрлик бардык сабактарды жеке өзү окуткан экологиялык таалим-тарбия ишин программага ылайык предметтердин өзгөчөлүгүн, балдардын тарбиялангандыгынын реалдуу деңгээлин эске алуу аркылуу жүргүзөт. Асыресе, өтүлө турган материалдарды максаттуу жайгаштыруу сабактардын мазмунун кыргыздардын табият-таануу боюнча эзелки турмуштук тажрыйбаларындагы, прогрессивдүү каада-салттарындагы, үрп-адаттарындагы, оозеки адабиятындагы этнопедагогиканын элементтери менен байытуу, алардын таасирдүүлүгүн арттыруу мугалимдин ыкластуу чыгармачылык иш-аракети аркылуу камсыз кылынат.[2,69]

Бул программалык материалдар айлана-чөйрөнүн ынандырарлык анык фактыларын жана мисалдарын өз ичине камтууга тийиштигин, аны турмуштук көрүнүштөрдүн мисалында бекемдөө керектигин, тандалган фактылардын кыргыз элинин табият таануучулук салттары, руханий маданияты, тарыхы, педагогикасынын потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрү, чөлкөм таануучулук материалдар менен шайкеш келишин эске алуу зарыл дп эсептейбиз. Мунун өзү сабактын мазмунун байытып, эмоциялык жагын күчөтүүнү, сабакта коюлган максат жана милдеттерди эффективдүү түрдө ишке ашырууну шарттайт.

Башталгыч класстардын курактык жана психологиялык өзгөчөлүктөрүнө жакын фольклордук мурастарга өзгөчө көңүл бөлүнүүсү туура. Иштин жүрүшүндө биз эне тилиндеги окуу китептерине киргизилбеген дидактикалык маанидеги элдик оюндарды, табият таануучулук мүнөздөгү материалдарды, экологиялык мазмунга ээ атайын окуу методикалык тапшырмаларды, атайын даярдалбаган экологиялык кырдаалдарды ж.б. элдик педагогиканын ар түрдүү каражаттарын кылдат иргеп талдап пайдаланууну көзөмөлдөөгө болот [3,150].

Мугалимдер өтүлүүчү сабактарда окулуп-үйрөнүлүп жаткан материалдарга окуучулардын кызыгуусун арттыра турган жана алардын ой жүгүртүү жөндөмүн өстүрө, активдүүлүгүн, өз алдынчалуулугун камсыз кыла турган ар түрдүү усулдарды, ыкмаларды жана мисалдарды колдонушуабзел. Өзгөчө таанымдык - материалдарды проблемалуу ыңгайда (талкууга ылайыктап) баяндоого, ар кандай таанып билүүчүлүк

жана чыгармачыл мүнөздөгү практикалык иштерди пайдаланууга аракет жасоо керек. Педагогдор сабакта иш жүргүзүүнүн коллективдүү формаларына индивидуалдуу ыкмаларды билгичтик менен айкалыштырып, балдардын өз алдынча иштөөсүн ийгиликтүү жолго коюп, экологиялык билими жана тарбиясы бири-биринен айырмаланган түрдүү деңгээлдеги окуучулар үчүн атайын тапшырмаларды кылдаттык менен түзүп чыгышты. Мисалы, алар окуучуларга өздөрүнө жаккан табият кубулуштарын сүрөткө тартып, аларга туура келген макал-лакаптарды, үрп-адаттарды табуу, жаныбарлар жана өсүмдүктөр жөнүндөгү кызыктуу билдирүүлөрдү даярдашты. Алар тууралуу табышмактарды эске түшүрүү, ырларды жаттоо жана жаратылышты коргоого байланыштуу фольклордук материалдарды жыйноо өңдүү тапшырмаларды окуучулардын табиятка болгон эмоционалдык-эстетикалык мамилелерин өркүндөтүү максатында беришти.

Тарбиялык милдеттердин ийгиликтүү аткарылышы көпчүлүк учурда этноэкологиялык материалдардын илимий мазмунуна, дүйнө таануучулук маңызына алардын окуучулар тарабынан жеткиликтүү аңдалышына байланыштуу болот. Бул маселе тууралуу М.А.Данилов жана Б.П.Есипов башталгыч класстарда "...окуучулардын аң-сезимине кичинекей гана илимий идеяны киргизүү керек, бирок муну табияттын жана коомдун өнүгүү мыйзамдарын материалисттик жактан түшүнүүгө пайдубал түзө тургандай деңгээлде өтө жөнөкөй жана кылдаттык менен ишке ашыруу керек", - деп жазышкан [5, 167].

Ушул ыңгайдан алганда «Мекен таануу» сабактарынын мааниси зор. Бул предметти башталгыч класстарда окутууда дүйнөгө болгон көз-караштын алгачкы пайдубалы түптөлөт, б.а. алар бул сабакты окуп-үйрөнүү менен табияттын биримдиги жана өнүгүшү, табият кубулуштарынын өз ара байланышы тууралуу элементардык билимдерге умтулат. Муну менен катар туулган жердин жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүн сактап коргоого карата жоопкерчилик сезимдерин арттырат.

Башталгыч класстын окуучуларында дүйнөгө болгон туура илимий көз-караштын элементтерининин калыптанышы көпчүлүк учурда табияттын ар түрдүү кубулуштарынын өз ара байланыштуулугун, бири-бирине көз карандылыгын, жандуу жана жансыз жаратылыштын мыйзам ченемдүү байланыштарын окуу- тарбия процессинде туура түшүндүрүүгө байланыштуу болот. Бул маселе тууралуу В.А.Сухомлинский: "Табиятты адам баласы толук таанып билгенде, анын себеп-натыйжалык байланышына сүңгүп киргенде гана ал тарбиялоонун эбегейсиз зор булагына айланат... Акылынын жетишинче чымыркана ойлонуп, бала табияттагы кубулуштар менен предметтердин өз ара байланышын аныктоого аракеттенип, белгилүү бир жумушту аткарат", - деп жазган [6,242].

Мекен таануу предметин окуп-үйрөнүү процессинде окуучуларда табият

тууралуу билимдердин негизи эле түптөлбөстөн, айлана-чөйрөгө карата камкор мамиле жасоого үйрөнүү үчүн да өбөлгөлөр түзүлөт. Окуу процессинде табият кубулуштары менен чыгарманын көркөм образын, элдик макал-лакаптарды, табышмактарды айкалыштыра колдонуу балдардын бул кубулуштарды терең өздөштүрүп, табиятты сүйүүсүнө жардам берет [4,384].

Педагогикалык тажрыйбанын жүрүшүндө сабактарга элдик педагогиканын элементтерин киргизүүдө алардын өтүлүп жаткан тема менен болгон байланышы эске алынып, материалды берүүнүн логикасы жана ырааттуулугу сакталууга тийиш. Биз мында кыргыз элинин табиятка байланышкан фольклордук чыгармаларын тандоодо башталгыч класс окуучуларынын курактык жана таанымдык тажрыйбаларына жакын көркөм образдарга кайрылдык. Башталгыч класстардын окуучулары үчүн түзүлгөн «Мекен таануу» окуу куралынын бардык бөлүктөрү боюнча жооп берүүдө окуучуларды этноэкологиялык билимдерди жана тажрыйбаларды чын ыклас менен үйрөнүүгө багыттай турган атайын тапшырмаларды иштеп чыктык. Буга мисал катары экинчи класстын окуучуларына "Аба ырайы" деген тема боюнча берилген 19-беттеги, «Ат- адамдын канаты»" деген тема боюнча берилген 45-беттеги айбандардын сүрөттөрүн кунт коюп карагыла" жана 47, 65- беттердеги "сүрөттөрдөгү айбанаттардын баскан-турганы, өзгөчөлүктөрүнө байланышкан табышмактарды эстегиле, аңгеме түзгүлө" ж.б.д.у.с. сунуштарды келтирүүгө болот.

Мугалимдер окуучуларга жыл мезгилдеринин жаныбарлар менен өсүмдүктөр дүйнөсүнө тийгизген таасири жана алардагы өзгөрүүлөргө байланышкан макал-лакаптарды, табышмактарды, элдик оозеки адабияттын үлгүлөрүн жыйноого багыт беришти. Окуучулар тарабынан жыйналган материалдар табият таануу бурчтарын, "Табият тууралуу элдик жомок" "Эл таанып-билген табият" аттуу темадагы класстык альбомду жасалгалоодо, ошондой эле сабактан жана класстан сырткаркы иштерде көрсөтмө куралдар катары да пайдаланылды. Мындай иш алардын экологиялык билим жана тажрыйбаларын активдүү өздөштүрүүсүнө түрткү берди. «Мекен таануу» сабагын окуп-үйрөнүүдө кыргыз элинин этноэкологиялык мурастары алгачкы жолу пайдаланылып жаткандыктан, биз эксперимент жүргүзгөн мугалимдердин иштөө системасында типтүү көрүнүш болгон сабактын жүрүшүн толук анализдөөгө аракет кылабыз. Аларды тандоодо биз сабактын ар кандай типтериндеги элдик педагогиканын тажрыйбалары жана идеяларына негизделген экологиялык материалдардын мазмунун толук ачып берүүгө жана аны турмуш менен байланыштыруу жолдорун аныктоого өзгөчө көңүл бөлдүк.

Ушуга байланыштуу конкреттүү мисалдарга кайрылып, аларды мазмуну жагынан элдик педагогиканын ар кандай каражаттарын пайдаланууга мүмкүндүк берген «мекен

таануу» предмети боюнча айрым бир сабактардын фрагменттери менен иллюстрациялоога аракет кылынды.

Табият менен адам ишмердүүлүгүнүн ортосундагы байланышты түшүндүрүү үчүн экинчи класста өтүлүүчү "Жаз – жаратылыштын жаңылануу мезгили" аттуу сабакта зор мүмкүнчүлүктөр ачылат. Бул сабакта адам эмгегин барктоо жер иштетүүнүн эң жөнөкөй эрежелерин өздөштүрүү, жыл мезгилдеринин алмашуусунун адамдын жашоо турмушундагы маанисин ачып берүү, элдин жер иштетүү, дыйканчылык боюнча тажрыйбаларына болгон кызыгууну өстүрүү өңдүү бир катар негизги тарбиялык милдеттер жүзөгө ашат.

Мына ушул теманы өтүүдө Баткен облусунун Кадамжай районундагы Кызыл-Булак айылынын №4 Коксал Топтан орто мектебинин мугалими Б.И.Аманбаева өз сабагын жаздын келиши менен табияттагы жүрүп жаткан өзгөрүүлөрдү окуучуларга түшүндүрүү, жаз алды менен башталган айыл чарба жумуштарына окуучулардын көңүлүн бөлүү менен баштады. Андан соң ал өз сабагында байыркы кыргыздардын жерге этият мамилесин далилдеген фольклордук материалдардан мисал келтирди, өзгөчө белгилей кетчү нерсе, педагог сабакта үрөөндү себүүгө жер кыртышынын даяр экендигин аныктоодогу элдик ыкманы колдонушу өтүлө турган материалга карата окуучулардын кызыгуусун кыйла күчөттү. Андан соң мугалим жер жана жаз жөнүндөгү кыргыз элинин: "Эрте сепсең бир күнү, эрте оросуң бир жума", "Жаз келсе гүл күлөт, күз келсе адам күлөт", "Жаз - жарыш, күз-күрөш" деген өңдүү табият кубулуштарынын өзгөрүүсүнө жана адамдын эмгектенүү процессине байланыштуу бир топ макалдарын окуучуларга чечмелеп айтып берди. Анан "Жазда көрсөң камылга, келерки кышта табылга", деген макалды окуучулар кандайча түшүнөрүн сурады. Айрыкча, бизге жакканы - педагог айыл чарба жумуштарына арналган теманы өтүүдө аны кандай макал-лакаптар менен сыпаттоо керектиги тууралуу окуучулардын ойлорун сурап, ошондон улам алардын окуу китептерин кандай сүрөттөр менен жасалгалоо керектиги жөнүндө ойлорун бөлүшкөнү болду. Сабактын натыйжасын окуучулардын төмөнкүдөй ой жүгүртүүлөрүнөн да көрсө болот. "Дыйкандар жазында жердин нымы кургап кете электе эгин сээп бүтөлү деп, күндүр-түндүр тынбай иштешет. Антпесе, түшүм начар болот". "Кээде талаада машактардын көп чачылганын көрөбүз. Таза иштебесе түшүм да берекелүү болбойт".

Сабактын аягында окуучуларга өтүлгөн материалдарды бышыктоо максатында атайын айыл чарба жумуштарына байланышкан үй тапшырмалары берилди. Алар өз байкоолорун үрөөндү качан себүү керектигин аныктаган элдик календарь менен салыштырып көрүшөт. "Жерди эмгек көгөртөт" аттуу класстык альбомду жасалгалоо үчүн макал-лакаптарды жыйнашат. Мындан сырткары, өз үйлөрүндөгү огороддон атайын окуу-тажрыйба иштерин жүргүзө турган аянтта жазгы талаа жумуштарын

жүргүзүү боюнча көрсөтмөлөр айтылды.

Сабактын жүрүшүн мына ушундай түзүү окуучуларды табияттын баа жеткис тартуусуна өздөрүнүн мамилеси жөнүндө ой жүгүртүүгө түртөт, өсүмдүктөрдү жана ар кандай мөмө-жемиш берүүчү дарактарды өстүрүү менен байланышкан фольклордук материалдарды жыйноо зарылдыгын түшүнүүгө көмөкчү болот. Бабалардын жерди сарамжалдуу пайдалануу, малды асыроо жөнүндөгү баалуу маалыматтарды камтыган этнопедагогикалык мурастарын "Ата мекен, ата журт", "Жапайы жана үй жаныбарлары", "Күздөгү жансыз жаратылыш", "өсүмдүктөрдүн ар түрдүүлүгү" деген өңдүү темаларды өтүүдө пайдаланса болот. Жалпылоочу сабактардын мазмунуна зор тарбия берүүчүлүк мүмкүнчүлүктөр камтылган. Мында балдардын акыл-эс жактан жетилиши, туулган жердин табиятына эмоционалдык-эстетикалык жактан туура мамиленин өбөлгөсү болгон ыймандык сапаттардын өнүгүшү үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлөт. Мугалим окулуп-үйрөнүлүп жаткан материалды окуучулар канчалык терең, аң-сезимдүү түрдө өздөштүргөндүгүн аныктоого мүмкүндүк алат. Мындай сабактарда окуучулардын таанып билүүчүлүк жактан активдүүлүгүн көтөрүү максатында элдик педагогиканын тажрыйбалары кеңири пайдаланылып, бул алардын табият жөнүндөгү билимдеринин байышын шарттайт.

Сабактын кийинки этабында мугалим балдардан төмөнкү табышмак кайсы жаныбар жөнүндө экендигин сурайт:

"Төө ооздуу<br>
Бото көздүү,<br>
Эшек кулактуу,<br>
Эчки чычандуу,<br>
Ат аяктуу,<br>
Кой жүндүү,<br>
Бул эмне?".

Мунун жандырмагын тапкандан кийин, мугалим жакшылык алып келе турган коён жөнүндөгү уламышты айтып берип, жапайы жаныбарлардын адам жашоосундагы маанисин түшүндүрөт.

Ошону менен катар байыркы кыргыздардагы өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсүнө карата колдонулган табу жана эвфемизмдерди эске салып, дарактар тууралуу табышмактарды көркөм айтып бердик. Мына ушул өңдүү иш-чараларды жүргүзүү окуучуларга табиятта бардык эле нерсе өз ара байланышта болорун, жаныбарларга жана өсүмдүктөргө жапакеч мамиле жасоо, айлана-чөйрөнүн, табияттын өзүнө гана таандык мыйзамдар менен шайкеш мамиледе болуу керектигин түшүнүүгө мүмкүндүк түзөт.

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ**


1. ***Аблабекова, Ж.К.*** *Башталгыч класстын окуучуларында алгачкы экологиялык түшүнүктөрдү калыптандыруунун педагогикалык негиздери [Текст] / дис с. канд. пед.наук / Ж.К. Аблабекова. - Б. 2010.*

2. ***Айтманбетов, М.*** *Кыргызстандын жаратылышын коргоо жана туура пайдалануу [Текст] / М. Айтманбетов. - Ф.: Мектеп, 1984. - 80 б.*

3. ***Алимбеков, А.*** *Кыргыз этнопедагогикасы [Текст] / А. Алимбеков. – Б., 1996. – 69 б.*

4. ***Алымов, Б.*** *Биздин адабиятты 7-класста окутуу. Орто мектептин адабият мугалимдери үчүн окуу куралы [Текст] / Б. Алымов. – Ф.: Мектеп, 1983. – 252 б.*

5. ***Бабаев, М.Д.*** *Совершенствование школьного экологического образования в процессе изучения естественнонаучных дисциплин / [Текст] автореф.дисс.кан.пед.наук / М.Д. Бабаев. – Ош,2003.*

6. ***Байышова, Г.Ж.*** *Мектептердин башталгыч класстарынын сабактан тышкаркы иштеринде элдик салттар аркылуу экологиялык тарбиялоонун илимий негиздери [Текст] / пед. илим. канд. дис. / Г.Ж. Байышова. – Б. 2010. – 150 б.*

7. ***Бабакова, Т.А.*** *Теория и практика школьного экологического краеведения [Текст] / дис. д-ра пед. наук / Т.А. Бабакова. – М., 1996.*

8. ***Бекбоев, И.*** *Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери [Текст] / 3-басылышы / И. Бекбоев. – Б.: «Бийиктик», 2011. – 384 б.*

9. ***Даминова, И***. *Кыргыз эл педагогикасынын прогрессивдүү идеялары жана тажрыйбалары аркылуу башталгыч класстын окуучуларын экологиялык жактан тарбиялоо [Текст] / пед. илимд. канд. дис. / И. Даминова. – Б., 2010. – 171 б.*

10. ***Дүйшөнбаев, П., Дүйшөнбаев, М.*** *Чынгыз Айтматовдун экологиялык этикасы [Текст] / П. Дүйшөнбаев, М. Дүйшөнбаев. – Бишкек: Шам, 2005.- 335б.*

11. ***Морони, А.*** *Междисциплинарный подход к проблемам экологического образования [Текст] // Перспективы. / А. Морини. – 1992. – №1-2. – С.188-200.*

12. ***Мурсалиев, А.М.*** *ж. б. Жалпы экология [Текст]: Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын табият таануу ж-а гуманитардык фак. студ. учун окуу китеби / А.М. Мурсалиев, Т.З. Ниязов, А.Б. Шамшиев. – Б.: «Турар», 2010. – 486*

13. ***Сухомлинский В.А.*** *Сердце отдаю детям. 3е изд. – Киев: Радякська школа, 1973. – 242 с.*